**Б. Календеров атындагы орто мектебинин предметтер боюнча 2017-2022-жыл ичинде билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги**

**Мектеп боюнча математика сабагынын берилиши:**

5-11-класстарында математика сабагынан берген мугалимдер: Касманбетова Фарида, Итикулов Майрамбек, Кариева Турсунай, Султангазиева Жайнагул. Математика сабагын өтүүдө мугалимдер техникалык каражаттарды сабакта активдүү колдонушат.


2017-2018-окуу жылында «Алтын түйүн» олимпиадасынын республикалык турунда Кубанычбек уулу Кадыр 3-орунду ээлеген.

Билим Берүү жана Илим министрлиги тарабынан уюшулган «Билимкана» математикалык олимпиадасына 14 окуучу катышып респеубликага 7 окуучу жолдомо алып республикалык турдан алдынкы 100 окуучунун ичине кирип, Мирлан менен Жанар бизди мектепти республика боюнча 9-орунду камсыздашты. Мирлан уулу Рамазан «Билимкана» математикалык олимпиаданын республикалык турунда 5-класстар арасында 3-орунга жетишип грамота,сертификат жана 5мин сом менен сыйланды. Окуткан мугалими Кариева Турсунай.

2018-2019-окуу жылында Кубанычбек уулу Кадыр «Аракет» математикалык олимпиаданын республикалык турунда 3-орунду камсыз кылып, грамота, сертификат жана 5мин сом менен сыйланды. Мирлан уулу Рамазан АКМО математикалык олимпиадасынын республикалык турунда 3-орунду камсыз кылып, планшет менен сыйланып Субакожоев атындагы Нарын балдар лицейинде 100% бекер окууга кабыл алынды. Мектепке түстүү принтер, окуткан мугалими 6мин сом менен сыйланды. Кубанычбек уулу Кадыр «Кенгуру» математикалык олимпиадасында региондо 1-орунду камсыздап, Ысык-Көлдөгү «Маяк» балдар лагерине жолдомо алды.

Кубанычбек уулу Кадыр 2020-2021-окуу жылында республикалык олимимпиданын I, II, III, IV турунда математика сабагынан 1-орунду ээлеген. ББ жана ИМ Ардак грамотасы жана баалуу китептер жана сертификаттар менен сыйланды. Артыкчылык аттестатка ээ болду. Мугалими Касманбетова Фарида окуучунун бош убактысын максаттуу өткөрүшүнө көмөк көрсөттү.

| **Предмети** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Математика | **56%** | **59%** | **64%** | **63%** | **61%** |





**Химия сабагынын берилиши**

Мектепте Химия сабагынын мугалими: Чымбаева Бегайым. Химия сабагын өтүүдө мугалим техникалык каражаттарды, интерактивдүү методдорду сабакта активдүү колдонуп, мектепте бар мүмкүнчүлүккө ылайык лабораториялык иштерди керектүү приборлорду колдонуу менен кызыктуу өткөрүүгө аракет көрүлөт.

2021-жылы “3-Эл аралык таланттуу жаштардын энциклопедиясына” колдоо көрсөткөндүгү үчүн Чымбаева Бегайым “Ыраазычылык кат” жана Асимжанова Гүлзат 1-даражадагы диплом менен сыйланган. 2022-2023-окуу жылында Ак-Талаа районундагы жалпы билим берүүчү орто мектептеринин окуучуларынын арасында өткөрүлгөн предметтик олимпиаданын 2-баскычында Химия сабагы боюнча 9-класстын окуучусу Талипова Сезим 2-орунду камсыз кылгандыгы үчүн диплом менен сыйланган.

| **Предмети** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Химия | **62%** | **62%** | **61%** | **60%** | **56%** |




**Физика сабагынын берилиши**

Мектепте физика сабагынын мугалимдери  Шайбекова Асел жана Орособек уулу Оңолбек эмгектенет. Физика сабагын өтүүдө ар кандай техникалык каражаттарды колдонуу менен кызыктуу сабактарды өтүшөт. Замандын талабынан калбай өз сабактарында ар кандай физикалык приборлорлорду, интерактивдүү методдорду, кызыктуу электрондук сайттарды колдонуу менен сабак өтүшөт.

2019-2020-окуу жылында “ 2019-жыл аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү” жылына карата 25-январда Ак-Талаа райондук ББ борборунда “ Илим техника жана өндүрүш” жумалыгы болуп өткөн. “Биз XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз” аттуу сынакта Акылбек уулу Жамбыл, Курманкулов Элмир, Нурбек уулу Айдар 1-2-орундарды ээлешти.


Мындан сырткары окуучулар физика сабагынан ар кандай онлайн конкурстарга, олимпиадаларга да калбай катышып, байгелүү орундарга ээ болуп келишет.

2020-2021-окуу жылында мугалимдер арасында алдынкы иш тажрыйбаларды жайылтуу жана окуу тарбия процессинде мугалимдин чыгармачылыгын арттыруу жана жакшыртуу максатында өткөрүлгөн “Жыл мугалими-2021” конкурсунун II турунда Шайбекова Асел
2-орунга ээ болуп, грамота, баалуу белектер менен сыйланды.
2020-жылы Орособек уулу Оңолбек “Жалпы асман алдында” Польшалык уюму жана Кыргызстандагы координатору “Жаштарды өнүктүрүү институту” тарабынан уюштурулган “Мектепте астрономиялык ийримин ачып,өнүктүрүү, ийримдин методологиясын жана астрономия  предметин терендетип окутуу” темасында өткөрүлгөн долбоорго катышып өтүп, ноябрь айында 1-жума астрономиялык курс окуп келди. Республика боюнча 7 мектеп долбоорго

кирген. Жыйынтыгында мектепке 600 долларлык телескоп жана асманды изилдөөгө керектүү кошумча материалдарды алып келди. Азыркы күндө астрономиялык клуб иштеп жатат жана уюм тарабынан берилген тапшырмаларды убагында аткарып келет.

2022-жылы мектеп ичинде жаш мугалимдер арасында өткөрүлгөн “Эрудит 2022” конкурсунда Оросбек уулу Оңолбек 1-орунга ээ болду жана Ак-Талаа жаштары коомдук бирикмесинин тандоосу менен “Жылдын мыкты жаш мугалими-2022” наамына ээ болду.

| **Предмети** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| Физика | **63%** | **64%** | **70%** | **67%** | **61%** |





**География сабагынын берилиши**

География мугалими болуп Турапова Жазгүл эмгектенет. Мектепте география сабагы 6-классынан баштап 11-класска чейин окутулат. Окуучулар география сабагына кызыгуу менен катышат. Сабак өтүүдө учурдун талабына ылайык техникалык каражаттарды колдлонуу менен сабактар өтүлөт. Сабак өтүүдү глобус, географиялык карталар колдонулат.

2018-2019- окуу жылдары жаратылышты коргоо боюнча дил баяндар конкурсунан Чыңгыз кызы Мадина жана Жаныбек кызы Эленура 1-орунду ээлеп грамота жана китептер менен сыйланган. 2020-2021-окуу жылында республикалык «Экологияны коргоодо сенин ордун» деген темада дил баяндар конкурсунда Шаршенаалы кызы Айназик 1-орунду ээлеген.

| **Предмети** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| География | **63%** | **63%** | **64%** | **65%** | **64%** |




**Информатика сабагынын берилиши:**

Мектепте информатика мугалимдери Артыков Улукбек жана Болотова Калнура эмгектенет. Сабак өтүүдө техникалык каражаттарды, интерактивдүү досканы колдонуу менен көптөгөн кызыктуу сабактарды өтүп келишет. Ар кандай маалыматтык ресурстарды, платформаларды колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттырат. Ар кандай мугалимдер арасындагы сынактарга катышып турушат.

«Жыл мугалими-2022» конкурсунда 3-орунга информатика мугалими Болотова Калнура (92 упай) ээ болду.

2020-2021-окуу жылында Жаныбай уулу Ислам республикалык олимпиаданын II турунда информатика предмети боюнча 3-орунга ээ болду.


| Предмети | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Информатика | 70% | 71% | 74% | 72%% | 74% |




**Биология сабагынын берилиши:**

Мектепте биология мугалими болуп Бегалиева Чынара эмгектенет. Сабакта техникалык каражаттарды колдонуп сабак өтөт. Ар кандай интерактивдүү ыкмаларды, платформаларды колдонот.

| Предмети | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Биология | 65% | 64% | 65% | 65% | 64% |



5 жылдыкта предмет боюнча окуучулардын билим сапатына анализ жүргүзүүнүн негизинде төмөндөгү зарыл милдеттер аныкталды:


- ✓ Окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн окутуунун жаны ыкмаларын колдонуу
- ✓ Интерактивдүү методдорду кенири колдонуу
- ✓ Предметке кызыккан окуучулар менен иштөө
- ✓ Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу аракетин көрүү
- ✓ Окуучуларды ар кандай сынактарга катыштырууну колго алуу
- ✓ Олимпиадалардан жогорку көрсөткүчтөргө жетишүү
- ✓ Окуучулардын билим сапатына мониторинг жүргүзүп , ар дайым анализ жүргүзүү
- ✓ Чыгармачылыкты арттыруу максатында мугалимдер арасында болуп жаткан кароо-сынактарга катышуу

Бердалы Календеров атындагы орто мектепте башталгыч класстардын 1-класстарына сабак берген мугалимдер: Сыдыкова Гулмира, Ибраимова Назира жана алгачкы классын алып жаткан Адылбек кызы Жазгүлдөр сабак беришет. Ар бир сабагында окуу жана математикалык көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча балдарга ар түрдүү стратегияларды колдонуп, МКТны натыйжалуу пайдаланышат.  2017-2018-окуу жылында “Бирге окуйбуз” долбоору боюнча


Сыдыкова Гулмира менторлук кылып, бирикмедеги мугалимдерге тренингдерди өтүп, сабактарына байкоо жүргүздү. Ар бир окуучу менен тартип жана тазалык , билим алуусу боюнча жакшы иштөөсү бул жылдардагы мониторингден көрүүгө болот.

Ибраимова Назира математикалык “Кенгуру”, “Калейдоскоп знаний”, “Билимкана”, “Аракет” сыяктуу олимпиадаларга окуучуларды катыштырып, кызыккан балдарга ийрим кылып да сабактан сырткары иштеп келет. 2019-жылы “Жаш пифагорлор техника дүйнөсүндө” математикалык олимпиадасында Мирлан уулу Рамазан республика боюнча 2-орунду алса, 2022-жылы Акылбек кызы Тахмина 1-орунду ээледи. Көп окуучулары областтык жана республикалык турларга чейин барып жүрүшөт.

| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | | 69 | 66 | 83 | | |
| Кыргыз тили | | 72 | 77 | 100 | | |
| Математика | | 77 | 67 | 88 | | |




| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | | 72% | 91% | 94% | |
| Кыргыз тили | | 81% | 91% | 85% | |
| Математика | | 82% | 86% | 96% | |





Мектептин экинчи класстарында сабак берип жаткан мугалимдер: Бакасова Жылдыз, Болотакунова Саадат жана Майрамбек кызы Акжолтойлор. Азыркы тапта “Окуу керемет! “долбоору тарабынан математикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча окуулардан өтүп, сабактарына пайдаланышууда. Бакасова Жылдыз “Стим-олимпиада“ математика боюнча олимпиадага беш окуучусу республикалык турга катышып атышат. Болотакунова Саадат “Жаңы кылым-жаңы мугалим” курсун окуп, “Биринчи мугалим” жана “Эң мыкты конспект” сынагына катышууда. Майрамбек кызы Акжолтой “Окуйбыз, изилдейбиз, жаратабыз” сынагына окуучуларын даярдап , изденүү менен иштейт.

| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 75% | 85% | 85% | - | - |
| Кыргыз тили | 75% | 80% | 65% | - | - |
| Математика | 80% | 70% | 60% | - | - |




| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 65% | 75% | 95% | - | - |
| Кыргыз тили | 60% | 80% | 95% | - | - |
| Математика | 65% | 70% | 80% | - | - |




3-класстарга сабак берген мугалимдер: Кененсариева Курманбү, Урадыл кызы Айнура, Маданбекова Гулумкан. Үчөө тең көп жылдык тажрыйбасы бар, изденген мугалимдер.Балдардын окуу жана математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп-өстүрүүдө көп аракет кылышат. Кененсариева Курманбү “Эң мыкты мугалим-2020” сынагында район боюнча 3-орунду алып, диплом жана белек алды.”Окуу керемет” тарабынан уюшулган республика боюнча “Эң мыкты балдар китеп иллюстрациясы”сынагынын жеңүүчүсү болуп окуучусу Талипова Жасмин диплом алды. Окуучулары алтын түйүндөн областтар аралык мелдештерге чейин барып, сертификат алышкан. Урадыл кызы “Түшүндүрүү жана негиздөө” стратегиясы менен жакшы өздөштүрүп, стем олимпиадагажана алтын туйундө сертификат алып катышышты. Маданбекова Гүлүмкан “Мыкты класс жетекчи-2021” наамын жеңип алган. Окуучулары билимкана олимпиадасына областтык турга чейин катышып сертификат алды. Гүлүмкан сабактарды өтүүдө “Моделдердин көптүгү” стратегиясын эң жакшы колдонот.


| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 83% | 84% | | | 100% |
| Кыргыз тили | 82% | 84% | | | 88% |
| Математика | 76% | 78% | | | 94% |



| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 83% | 84% | | | 90% |
| Кыргыз тили | 81% | 82% | | | 80% |
| Математика | 78% | 79% | | | 95% |





| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | | | 85 | 95 | 80 | 83 |
| Кыргыз тили | | | 75 | 68 | 74 | 77 |
| Математика | | | 70 | 74 | 66 | 83 |





4-класстардын сабак мугалимдери: Рыскелдиева Жайнагүл, Сатындиева Кайыркүл, Касмалиева Айпери. Бул мугалимдер окуу көндүмү жана математикадан балдардын билим жана билгичтиктерин өнүктүрүү боюнча окуп, сабактарында пайдаланышууда. Рыскелдиеванын окуучулары коомдук иш-чараларга активдүү катышып келишет. Сатындиева Кайыркүлдүн окуучулары Майрамбеков Кутман, Жыргалбеков Өмүргазы, Узакбаева Кулпунайлар 2022-

жылы республикалык деңгээлде өткөн “Алыкулду окуйбуз” сынагында грамоталарга ээ болушту. Стем-олимпиада математикалык олимпиадасында жана алтын түйүндө катышып сертификат алышты. Касмалиева Айпери класстан тышкаркы иш-чара, ата-энелер менен иштөө боюнча сабактарда активдүү

| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 65% | | | 82% | 75% | |
| Кыргыз тили | 65% | | | 86% | 80% | |
| Математика | 60% | | | 86% | 85% | |




| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | 70% | | | 76% | 70% | |
| Кыргыз тили | 65% | | | 62% | 70% | |
| Математика | 55% | | | 62% | 70% | |



| Предмет | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Адабий окуу | | | | 94 | 87 | |
| Кыргыз тили | | | | 88 | 53 | |
| Математика | | | | 94 | 60 | |





**Кыргыз тили жана адабияты сабагынын  берилиши**

Кыргыз тили жана адабияты сабагы 5-класстан  11-класска чейин өткөрүлөт. Бул предмет боюнча мугалимдер : Разакулова Кундуз, Эсенгулова Айнура, Турусбекова Миргүл, Баева Салтанат, Дүйшөнкул кызы Уулбек бардыгы жогорку билимдүү. Сабак өтүүдө учур талабына ылайык технологияларды көп колдонууга аракет кылышат. Ар кандай сынактарга, дилбаян сынагына катышып, ийгиликке жеткендери көп. Эне тил күнүндө, 12-декабрь Улуттук адабият күнүндө жана башка белгилүү даталарында көптөгөн иш-чараларды өтүүгө активдүү катышышат. Жыл сайын окуу сынактарын өтүп турушат. УТБ тесттик сынагында кыргыз тили предмети боюнча окуучулар жакшы көрсөткүчтөргө жетип келишет. Республикалык ар кандай тематикадагы дилбаян сынактарында да орунга ээ болуп, активдүү катышып келишет. Разакулова Кундуз жетектеген «Манас таануу» ийрими да эң жакшы жетишкендиктерге жетип келүүдө.  Турусбекова Миргүлдүн окуучусу Бусурманкул кызы Гүлназ  2021-2022-окуу жылында «Билимкана» олимпиадасынан республика боюнча  2-орунду камсыз кылган.

**Мектеп боюнча кыргыз тили жана адабияты сабагынан билим сапатынын көрсөткүчү**


| **Предмет** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз тили** | **73%** | **70%** | **71%** | **74** | **78%** |
| **Кыргыз адабияты** | **75,8%** | **74%** | **69%** | **71%** | **72%** |




**Тарых сабагынын берилиши:**

Тарых сабагы мектепте 5-классынан баштап 11-класска чейин окутулат. Тарых мугалимдери үчөө: Насирова Элвира, Мамышова Айзада, Курманалиева Нуржан. Үч мугалим тең жогорку билимдүү. Окуучулар тарых сабагына кызыгуу менен катышат. Сабакта учур талабына ылайык техникалык каражаттарды колдонуу менен сабактар өтүлөт. Сабак өтүүдө учур талабына ылайык технологияларды көп колдонууга аракет кылышат. Тарых предметинен “Ата- Мекен ” кружогун Насирова Элвира жетектейт.

| Предмети | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тарых | 50% | 57% | 55% | 60% | 62% |



Орус тили жана адабияты сабагынын берилиши:


Орус тили жана адабияты сабагы 1-класстан 11-класска чейин өткөрүлөт.Бул предмет боюнча мугалимдер: Курманбекова Айнура,Талипова Айжан,Эшимова Эльмира,Асаналиева Нарынкул,Умаров Рыскелди. Мугалимдердин баардыгы жогорку билимдүү .Сабак өтүүдө учур талабына ылайык технологияларды көп колдонууга аракет кылат. Окуучулардын орус тилинде таза, так сүйлөөсүүнө көп көңүл бурулуп, мугалимдер тарабынан көп аракеттер көрүлүп келинет.

Окуучулар конкурс, олимпиадаларга дагы активдүү катышып жатышат. 2021-2022-окуу жылында Эшимова Элмиранын окуучусу Орозобекова Жазгүл "Что я знаю о русский язык" дил баян жазуу конкурсунда сертификат , баалуу белектер менен сыйланды.

2022-2023-окуу жылында Эшимова Элмиранын окуучусу Орозобекова Жазгүл "Что я знаю о русский язык" дил баян жазуу конкурсунда сертификат , баалуу белектер менен сыйланды. Ушул эле конкурста Умаров Рыскелдинин окуучусу Талипов Рахим сертификат , баалуу белектер менен сыйланды.

Инфоурок сайты тарабынан уюштурулган эл аралык олимпиадада Асаналиева Нарынкулдун окуучулары 1- орунду Исаканов Улан, 3-орунду Талипова Жасмин камсыз кылышты.

| Предмети | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| О.тил | 46% | 58% | 55% | 60% | 64% |
| О.адаб | 52% | 60% | 58% | 60% | 65% |



Англис  тили сабагынын берилиши:

Англис   тили   сабагы 3-класстан 11-класска чейин өткөрүлөт.Бул предмет боюнча мугалимдер:Касымова Жазгүл, Юсупова Айгуль ,Кылычбек кызы Динара. Мугалимдердин баардыгы жогорку билимдүү .Сабак өтүүдө учур талабына ылайык технологияларды көп колдонууга аракет кылышат. Окуучулардын англис тилин, так сүйлөөсүнө  жана окуп түшүнүгүн  айтып берүүгө көп көңүл бурулуп, мугалимдер тарабынан көп аракеттер көрүлүп келинет.

Окуучулар конкурс, олимпиадаларга дагы активдүү катышып жатышат. 2021-2022-окуу жылында  англис тили мугалими Касымова  Жазгүлдүн  5-класстын  окуучусу Акылбекова Тахмина  Билимкана  республикалык олимпиадасында  2-орунду камсыз кылып, грамота  жана сертификат, телефон баалуу белектер менен сыйланды.

| Предмети | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Англис тили | 35% | 38% | 35% | 45% | 53% |
| | | | | | |




Окуу бөлүмүнүн башчысы :_____________  Артыков Улукбек